УДК:355.233.231(575.2)

*Бубаева Зайна Жодошовна, окутуучу*
*E-mail: bubaeva1961@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*

# ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДО КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫН ОРДУ

# РОЛЬ ПРОИЗВЕДЕНИЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ

# ROLE OF THE KYRGYZ NATIONAL WORKS IN YOUTH EDUCATION

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз элдик оозеки чыгармаларды пайдаланып, жаштарды тарбиялоо каралган. Эпосторду, жомокторду, макалдарды колдонуп, өсүп келе жаткан жаштарды тарбиялоодо асыл, жакшы сапаттарды калыптандыруу керектиги айтылган. Өспүрүмдөрдү чынчылдыкка, адептүүлүккө, мекенчилдикке, сабырдуулукка, акылдуулукка тарбиялоо жөнүндө ой камтылган.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрено воспитание молодежи с использованен произведений кыргызского устного народного творчества. Подчеркивается, что применение эпосов, сказок и других произведений способствует формированию истинно хороших качеств человека, как честность, порядочность, патриатизм, толерантность и т.д.*

***Abstract:*** *This paper discusses the education of young people through Kyrgyz folk works. As well as the article says that by applying epics, fairy tales and articles in educating the younger generation one can form truly good qualities, educate adolescents honest, decent, patriotic, patient and smart youth.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбия, улут, салт, кылым, оозеки чыгарма, макалдар, эпостор, жомоктор, тарых.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, нация, традиция, век, устно, произведение, статьи, эпосы, сказки, история.*

***Key words:*** *education, nation, tradition, century, orally, work, articles, epics, fairy tales, history.*

Өзүнүн көп кылымдык тарыхында өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоодо, жаштардын инсан катары калыптанышында элибиздин оозеки чыгармаларынын таасири зор. Балдарды тарбиялоодо элибиз баалуу үлгүлөргө ээ болгон элдик оозеки чыгармаларга бай. Кыргыз элинин нечен кылымдык өнүгүүсүндө - социалдык жана руханий турмушунда элдик оозеки чыгармалар тарбиялоонун элдик каражаты катарында өзгөчө мааниге ээ болуп келген. Элдик оозеки чыгармалар - педагогикалык даанышман элдик ойлордун казынасы. Байыртадан айтылып келген, эл оозунан калган сөз байлыктарыбыз -эл байлыгы. Элдик акылман, даанышман ойлорду өзүнө сиңирип, аны жаңы элестүү кылып, кайрадан өсүп, инсан катары калыптанып келе жаткан жаштарга жеткирүү элдик оозеки чыгармаларыбызда камтылган. Кыргыз элинин муундан-мунга өткөрүлүп келе жаткан чыгармалары таалим-тарбиянын үлгүсү, жалпы журтубуздун акылмандыгы делип бекер айтылбаса керек. Элибиз тегинен сөзгө чечен, акылман философ калк экени баарыбызга маалым.

Акындарыбыздын, эл арасынан чыккан жазуучуларыбыздын чыгармалары өсүп келе жаткан жаш муундарыбыздын инсан катары калыптанышында, тарбиялоодо баалуу үлгүлөргө ээ. Элдик оозеки чыгармаларыбыз элдик педагогикабызды, психологиябызды, үрп-адат, каада-салттарыбызды ичине камтып, калкыбыздын үлгүлүү сапаттарын муундан-муунга өткөрүп келишкен. Мисалы, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, мекенди сүйүү, ата-энени сыйлоо, намыстуу болуу жана башкалар так ушул сапаттар кыргыз элдик педагогикасында камтылып, даана айтылып келген. Элибиз байыртадан эле жаштардын калыптанышында, тарбиялоодо балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө баа беришкен. Баланын бөбөк кезинде бешик ырларына көңүл бөлүшкөн. Себеби балдардын кенже курактагы өнүгүшү адамдын бүткүл жашоосундагы маанилүү этап болуп эсептелет. Бешик ырлары-элдик оозеки чыгармаларында кеңири тараган жанрлардын бири. Кыргыз эли баланы тарбиялоо канчалык эрте башталса, ошончолук жемиштүү болорун билишкен, түшүнүшкөн.

Жаштарды өсүп-жетилип келе жаткан мезгилинде адептүү, өнөрлүү болууга, адамгерчиликке, чынчылдыкка, ак ниеттүүлүккө, сабырдуулукка, патриоттуулукка жана башка сапаттарга тарбиялоо негизги орунда болуп келген. Ошондуктан балдарды тарбиялоодо асыл, жакшы сапаттарды арттыруу үчүн элдик оозеки чыгармаларда сөз өнөрү аркылуу даңазаланып, улам кийинки муундарга өтүп, байып жүрүп отурган. Эң алгачкы элибизде пайда болгон элдик оозеки чыгармалардын бири - жомоктор. Жомоктордо ата-энени сыйлоонун, боорукердиктин, достукка бекем туруунун үлгүсү акыл-эстүүлүк, жакшылыкка жакшылык жасоонун, бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө боло тургандыгын даңазалап берилген, турмуштун ар түрдүү бай тажрыйбалары чагылдырылган. Элдик таалим- тарбиянын эң таасирдүү каражаты жомоктор болуп келген. Жомоктордун таалим-тарбия берүүдөгү ордуна коңүл бөлүп, А.С.Макаренко: Ар бир үй-бүлөнүн китеп текчесинде жомоктордун топтомдору болгондо гана тарбия иши ойдогудай жүзөгө ашат эле”,- деп айткан [4;482-б].

«Жомок – бул айрымдар адилетсиз белгилеп жүргөндөй, кечээки күндөрдүн гана энчиси эмес. Аны аяр билгичтик менен колдоно билсек, бүгүн да эч нерсе менен алмаштыргыс каражат катары кызмат өтөйт», - деп В.А.Сухомлинскийдин педагогикалык иш тажрыйбасы аркылуу даана тастыкталган жомокторду таалим-тарбиянын каражаты катары колдонуу тарбиялоочу мекемелерин бай тажрыйбаларга ээ кылган. Тарбиялоодо эң жакшы жыйынтык берген. Себеби жомоктордогу окуялар баланын аң-сезимине сиңип калган, эсинде дайым жашаган. Татаал, чиеленген окуялар жомокто жөнөкөй гана чечилет. Эгерде баланы тарбиялоодо кыйынчылыктар болсо «жомокко кайрыл, жомок менен жолго сал» деген нуска сөздөр элибизде айтылып келген. Кыргыз эли кеңири пайдаланып келген «Алтын куш», «Акылдуу дыйкан», «Акыл Карачач» деген жомокторубузда адамдын эң ыйык парзы ата-эненин кадырлап үмүт-тилегин актоо, аларды турмушта кездешүүчү бардык түйшүктөргө даяр болуу зарыл пикирлер камтылган. Ошондуктан булуттуу көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен, чырм этип кирпик талдырбай, чычканга кебек алдырбай, алтын куштун изине сая түшкөн бала эр жүрөктүүлүктүн өрнөгү катары сүрөттөлөт. Муну менен бул жомокто элди азаптан куткаруу жомоктун негизги мааниси болуп саналат.

Ал эми «Манас» эпосу жаштарды тарбиялоодо муундан-муунга өтүп негизги орунду ээлеп келген кыргыз элинин кылымдарды карыткан, доорлорду басып өткөн улуу эпопеясы болуп эсептелет. Биздин казынабыз болгон «Манас» эпопеясы адам тарбиялоонун бийик идеясын муундан-муунга мурас кылып калтырды. Адептик-патриоттук идеалыбыз катары туу тутабыз. Улутубуздун улуу муундары Токтогул, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Жеңижок, Молдо Кылыч, Барпы, Калыгул жана башка ушул сыяктуу улут сыймыктары элибизге өлбөс-өчпөс оозеки чыгармаларды мурас калтырышты. Бизге эң чоң таасир калтырган акындарыбыздын «Ынтымак» аттуу ырында төмөндөгүдөй акыл-наасат камтылып кеткен:

Ынтымагы бар элдин,
Таалай багы ачылат
Ынтымагы жок элдин,
Тапканы бекер чачылат – деп, адамды, элди туура жолго багыттайт. Ал эми Жеңижок акыныбыз:

Аккан сууну булгаба.
Суу сыйлаган зор болор,
Суу кордогон кор болор, Акыл менен ойлоп ал-деп, жаратылышты сактоого үндөп кеткен оозеки формада пайда болуп муундан-муунга элдин казынасын өткөрүп берген таланттар чыгармачылыктын өмүрүнүн уланышына жол ачышкан. Орто Азиядагы элдердин эң байыркысы кыргыздар экендиги тарыхта белгилүү. Ошону менен катар элибиз өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын, көркөм оозеки чыгармаларын - жомокторун, эпосторун, айтыштарын, санат- насыят ырларын, макалдарын ушул мезгилге чейин көөнөртпөй сактаган. Кыргыз элиндеги байыртадан улантылып келе жаткан улуу муундан кийин өсүп келе жаткан муунга жашоо нускаларынын берилиши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргыз эли-тарыхы бай эл. Элибиздин муундан- муунга

берилип келе жаткан нарк-насилдери, ар бир адамдын татыктуу инсан боло алышын шарттай турган баалуулуктар жашоонун өзүнөн алынган, даанышман ата-бабаларыбыздын акыл элегинен өткөн. Дүйнөдөгү бардык элдер сыяктуу эле кыргыздардын да эч бир кайталангыс улуттук өзгөчөлүгү элибиздин кылымдар бою тарбиялап келген рухий-ыймандык булактары макалдар болуп саналат. Ата-бабаларыбыз билгичтик менен чебер пайдаланып, муундан-муунга өркүндөтүп өткөрүп келген макалдарды жаштарды тарбиялоо тажрыйбаларында колдонбой коюп, тарбия жараянын улуттук уюткудан эл тамырынан ажыратып албаганга аракет жасашыбыз керек.

Тарбиялык татаал процесс үй-бүлөдөн башталып, мектепте жана коллективде, коомдук жайларда жана турмушта калыптанат. Макалдарды биз тарбиялоодо колдонуу менен, өспүрүм жаштарды турмуш чындыгын баамдоого балдардын сезимдерин акыл-эс, адамгерчилик сапаттарын, эмгекчилдик аракеттерин калыптандырууда тарбиялоонун башаты жана булагы деп билебиз. Жаш балдарды калыптандырууда макал жардам берет. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын негизин ээлеген макал жаштарга тарбия берүүдө төмөнкүлөрдү камтыйт. Мисалы, акыл тарбиясын калыптандыруу. Бул макалдарда акылдуулукту даңазалаган чечен, сөзмөр, билимдүү, жомокчу, ырчы, санжырачы болууга үндөгөн макалдар кирет.

Мисалы: Ким китепти окуй билсе түшүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

Адамдарда айрым көп билинген,
Эң башкысы илим менен билимден.

Илимдүү илимдүүнү тааный билет,
Акылдуу акыл баркын баалап жүрөт.

Ал акылман улагада калса эгер,
Анда ал жер ардактуу деп биле бер. (ж.б.)

Алтын жерден чыккан байлык болсо,
Акыл элден чыккан байлык.

Акылдуу ишине ишенет
Акмак түшүнө ишенет.

Ошондой эле эмгекке тарбиялоо коомдук пайдалуу эмгекти ар бир адамдын керектүү, тарбиясы экендигин түшүндүрүү, коомдук активдүүлүктү, демилгелүүлүктү жогору койгон жаштарды тарбиялоодо эмгек кылууга, эмгек тарбиясына үндөгөн макалдарыбыз негизги орунду ээлейт. Адамды адам кылган эмгек экендигин аныктап, таптаган кыргыз элинин макалдары төмөнкүлөр:

Байлыкты эмгектен,
Теңдикти күрөштөн изде.

Болот отто чыңалат,
Адам иште чыңалат.

Жеңилбес кол - эл,
Кыйшайбас жол - эмгек.
Иштеген киши карыбайт,
Карыса да арыбайт.

Эсеп-чоттун тагы жакшы,
Эмгегиңдин агы жакшы.

Ошондой эле дыйканчылык, мал чарбачылыкты даңазалаган макалдар менен дагы жаш муундарды тарбиялап келген. Эл арабызда айтылып келген ушул макалдар азыркы мезгилге чейин эл арасында өз ордун жоготпой айтылып келет. Мисалы:

Арык атка туз бербе,
Акылсызга кыз бербе.

Атты аркан байлайт,
Эр жигитти ант байлайт.

Малга жарды болсоң да,
Сөзгө жарды болбогун.

Арпа сеппе таш жерге,
Айыл конбо кас элге.

Алтын-күмүш таш экен,
Арпа-буудай аш экен.

Жазгы мээнет - Күзгү ырахат.

Жаштарды тарбиялоодо, үй-бүлөлүк тарбия, мектеп-мугалим зор роль ойнойт. Кандай учур болсо да бул макалдарды пайдалануу талапка айланса жакшы болмок. Жаштарды адептүүлүккө үндөгөн макалдардан мисал келтирген:

Жаш аттын жалын сактагыча,
Жаш жигиттин арын сакта.

Нандан улуу тамак жок,
Адамдан улуу атак жок.

Улуу улуу эмес,
Урмат улуу.

Ал эми патриоттуулукка үндөгөн макалдар: Мисалы:

Баатыр элден чыгат,
Байлык жерден чыгат.

Баатыр жоодо мактанат,
Коркок үйдө мактанат.

Баатыр туулса - эл ырысы,
Жамгыр жааса - жер ырысы.

Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо негизги орунду ээлейт. Ошондуктан үй-бүлөгө байланышкан макалдар да негизги орунду ээлеген. Мисалы:

Уулдуу болсоң узун сүйлөбө,
Кыздуу болсон кыя сүйлөбө.

Балдар эмне дедирбейт,
Ачкалык эмне жедирбейт.

Баланы жакшы менен жанаштыр,
Жаманды кубалап адаштыр.

Макалдар бизге ата-бабаларыбыздан калган оозеки чыгармалардын эң өзөктүү жана жугумдуусу. Эки сүйлөмгө, тоодой акылды батырган акыл ой казынасы. Анткени макалдарда көлөмдүү чыгарманын мазмуну бир ооз учкул сөз менен берилет.

Ошентип, биз кыргыз элинин оозеки чыгармаларында жашоонун  максаты, бакытты жаратуу, алга умтулуу, боорукердик, өз ара сыйлоо, оң сапаттарды ардактоо принциптери орун алгандыгын көрөбүз.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Этнопедагогика Б. 1992-ж.
2. Апышов Б. Педагогика Б. 2002-ж.
3. Жусуп Баласагын Кут алчу билим. Бишкек 1998-ж.
4. А. Муратов Адабият-ыйман сабагы Бишкек 1999-ж.
5. Эл агартуу 1981-ж декабрь.
6. М. Ибраимов «Кыргыз макал-лакап учкул создору» Бишкек 2008.